**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**АК -ТАЛАА РАЙОНУ**
**БАЕТОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**БАЕТОВСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Баетов айылдык кенешинин VII- чакырылыштагы депутаттарынын кезектүү II-сессиясынын**

## ТОКТОМУ №2-7

**12-июль, 2023-жыл** **Баетов айылы**

**Баетов айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамына сунуш кылуу жөнүндө ЖОБОну бекитүү жөнүндө**

**Баетов айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамына сунуш кылуу жөнүндө ЖОБОну** ЖОБОну бекитүү жөнүндөгү күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап, депутаттардын Баетов айылдык кеңешинин II-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Баетов айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамына сунуш кылуу жөнүндө ЖОБО тиркемеге ылайык бекитилсин. Тиркеме тиркелет 2 баракта.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө регламент, депутаттык этика жана мандат, мыйзамдуулукту укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Баетов айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин депутаттарынын төрагасы:** **Ч. Азимжанов**

VII – чакырылыштагы депутаттардын
Баетов айыл аймагынын айылдык
кеңешинин 2023-жылдын 12-июль
№ 2-7 токтомуна тиркеме

**Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына сунуш кылуу жөнүндө.**

**Жобо.**

**1.Жалпы жобо**

Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" Баетов айыл аймагынын эң жогорку наамы болуп эсептелинет. Депутаттардын Баетов айылдык Кеңешинин сессиясынын токтому менен Баетов айыл аймагынын татыктуу инсандарына Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарып турат.
Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына Баетов айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон зор салымы үчүн, айыл –чарба тармагында инновациалык иштери үчүн, айыл инфраструктурасын жакшыртууда жетишкендиги үчүн, спорттогу, маданияттагы, билим берүүдөгү жетишкендиктери үчүн, саламаттыкты сактоодо жана кайрымдуулук иштердеги эл үчүн жасаган алгылыктуу иштери, айыл элине татыктуу эмгек өтөгөн инсандар ээ боло алышат.
Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы төмөндөгүдөй инсандарга ыйгарылышы эске алынат.

**I.** Мурдагы СССРдин учурдагы жана азыркы мезгилдеги сиңирген эмгектери үчүн орден, медалдар, Жогорку Кеңештин, Приезиденттин "Ардак Грамотасы" менен сыйлангандар, баатырдык наамга ээ болгондор, көрүнүктүү илимий даражалуу окумуштуулар, баардык багыт боюнча эмгек сиңирген ишмерлер, Ата-Мекендик согуштун ардагерлери, Интернационалдык милдеттерди аткарып келгендер, Баткен кооголанга катышкандар, Баетов айыл аймагынын сырткы жашагандыктарына карабастан Баетов айыл аймагына социалдык-экономикалык өнүгүүшүнө кошкон салымы үчүн элге белгилүү болгондор;
-Баетов айыл аймагынын элдеринин намысын бийик көтөрүп, эл арасында кадыр-баркы чоң, ынтымак жана биримдикти чыңдагандар;
-Баетов айыл өкмөтүнүн же айылдык кеңешинин бир жолку "Ардак грамотасы"менен сыйлангандар;
-Көп жылдар бою саламаттыкты сактоодо, жаштарга билим, тарбия берүүдө мамлекеттик жана коомдук иштерде үзгүлтүксүз салым кошуп, элдин кадыр-баркына ээ болгондор;
-Баетов айыл аймагынын айыл чарбасында үзүрлүү эмгектенип, үлгүлүү жактарын ар качан эл ичинде көрсөтүп келе жаткандар;
-Эл чыгармачылыгына маданиятка, адабиятка, искусствого, адистерди тарбиялоого жекече үлүшүн тынымсыз кошуп, бул багытта ишмердиги менен жогорку айырмаланган атуулдар;
-Баетов айыл аймагынын өнүгүүшүнө татыктуу салым кошкон, эл журтка сөзү, жүрүм-турушу менен үлгү боло алган, элдин ынтымагын, биримдигин чыңдаган, жаштарды тарбиялоого чоң үлүшүн кошкон эмгек ардагерлерине;
-Коомдук тартипти сактоого өзгөчө үлүшүн кошкон, медалдардын жана башка мамлекеттик сыйлыктардын ээси болгон атуулдар;
-Баетов айыл аймагынын мекемелеринде көп жылдыр бою эмгектенген Баетов айыл аймагынын экономикалык-социалдык-маданий жактан өнүгүүшүнө, тейлөө чөйрөсүнө татыктуу салымын кошкондор;
-Баетов айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүшүнө салымын кошкон чет элдик жаран же Кыргыз Республикасынын бизнесмен, жеке ишкерлери жана дыйкан фермерлери;
-Өзгөчө эрдик көрсөткөн атуулдар;
-Дүйнөлүк олимпиада, билим берүү жаатында жеңүүлөр.

**II.** Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу"наамына сунуш кылуу тартиби.
1. Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына мекемелердин эмгек жамааттарынын, коомдук уюмдардын, кварталдык комитеттердин токтомдоруна ылайык ар бир атуул комиссияга сунуш кылынып, алардын чечими менен депутаттародын Баетов айылдык Кеңешинин сессиясында толук чечилет.
2.Баетов айыл аймагынын комиссиясы Баетов аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына талапкерлердин документтерин терең талдап жана ар бири боюнча комиссиянын чечимин даярдап, Баетов айылдык Кеңеишинин сессиясына сунуш киргизет жана жыйынтыгын талапкерлерге билдирет.
3.Токтом кабыл алынгандан кийин "Ардактуу атуулу" наамына татыктуу болгондорго Баетов айыл аймагынын "Ардактуу китепке" жазылуу менен төш белгиси салтанаттуу түрдө тапшырылат.
**III.** Сыйлыкка көрсөтүү үчүн сунушка тиркелүүчү документтердин тизмеги төмөндөгүлөрдү камтыйт.

-Өздүк баракча сүрөтү менен.
-Талапкерди наамга сунуштаган мекеме, уюмдардын, кварталдык комитеттердин протоколу;
-Талапкердин өмүр баяны;
-3х4 өлчөмүндөгү 2 даана сүрөтү;
-Эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
-Мамлекеттик сыйлыктырынын көчүрмөлөрү;
-Паспортунун көчүрмөсү.
- Баетов айыл өкмөтүнүн Баетов айылдык кеңешинин "Арак грамотасы" болуусу зарыл
**IV**. Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу"наамына ээ болгон атуулдардын укуктары.
-Баетов айыл аймагынын ар кандай салтанаттуу жыйындарына ардактуу мейман катары чакыруу менен катышууга;
-Баетов айыл аймагына тиешелүү мекеме, уюмдар тарабынан кезексиз алууга;
-Жашаган жерине билги илип коюуга;
-Мүмкүнчүлүккө жараша көчө жана башка аймактарга наам берүүдө эске алынууга.
**V**.Сунуштан баш тартуунун негиздери.
-Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын сунуш кылуу боюнча комиссиясында сунуш кылуу менен чечилет;
-Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын сунуш кылуу боюнча комиссиясынын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер Баетов айылдык Кенешинин сессиясына сунушталат;
-Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын сунуш кылуу боюнча комиссиясынын жалпы санынын көпчүлүк добушун албаган талапкер Баетов айылдык Кеңешинин сессиясына сунушталбайт.

**Эскертүү:**

-Бул наамга талапкерлерди тандоо,ыйгаруу маселелери ыңгайына жана сунуш кылынганына жараша комиссиясына сунуш кылынат;
-Мурда синирген эмгегине карабастан оор кылмыш жасап сот жообуна тартылгандарга, кылмыш ишине кириптер болгондорго, бул наам ыйгарылбайт;
- Бир эле талапкердин иш кагаздары бир чакырылышта бир эле жолу каралат;
- Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу чечимин кабыл алуу жөнүндөгү маселе наамга көрсөтүлгөн жак катышпаган учурда деле каралышы мүмкүн;
- Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы жылына бир жолу 5 тен көп эмес жаранга ыйгарылсын.
-Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу"наамын алган инсандар одоно мыйзам бузуулар аркылуу сот жообуна тартылса Баетов айыл аймагынын өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизсе жана жүрүм-туруму менен туура эмес иштерге барып, Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына шек келтирсе Баетов айыл аймагынын комиссиясынын сунушу менен Баетов айылдык Кеңешинин токтомунун негизинде берилген наам кайра кайтарылып алынат.

## Комиссиянын курамы жана түзүлүшү.

1. Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу"наамын ыйгаруу Баетов айылдык кеңешинин регламент, депутаттык этика жана мандат, мыйзамдуулукту укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча туруктуу комиссия, коомдук уюмдар, айыл өкмөт жүргүзөт.
2. Комиссия Баетов айылдык кеңешинин жана ишмердүүлүгүн аталган жобонун, Баетов айыл өкмөтүнүн башка чечнемдик укуктук актыларынын негизинде жүргүзөт.

## Комиссиянын милдеттери.

1. Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу"наамын ыйгаруу жөнүндөгү сунуштарды . карап чыгат жана кабыл алат, буга байланыштуу материалдарды жана документтерди иликтейт, наамга көрсөтүлгөн талапкердер жөнүндө маалыматтарды керек учурда кошумча суроо жүргүзөт.
2. Талап кылынган учурда Баетов айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына көрсөтүлгөн талапкерди ал жөнүндө маселе каралуучу комиссиянын отурумуна, Баетов айылдык кеңешинин сессиясына чакырат.
Жылына 2 жолу берилет